**Мектепке чейинки билим берүү технологиясы кафдерасы**
**Кафедра башчысы, п.и.к., доцент Н.Э. Абдраева**

Азыркы И. Арабаев атындагы КМУнун Мектепке чейинки педагогика жана психология кафедрасы 1963-жылы В.В. Маяковский атындагы Кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институту кезинде уюшулган.

Аталган кафдерада Кыргыз Республикасынын билим берүүсүнө эмгек сиңирген кызматкер Ж.К. Асанова, педагогика илимиинин доктору, профессор М.Р. Рахимова, психология илимдеринин кандидаты, профессор Дж.М. Жумалиева, Психология илимдеринин кандидаты, доцент Н.Н. Палагиналар эмгектенип, кафедранын түптөлүшүнө өз салымдарын кошушкан. Мектепке чейинки билим берүү багытында билим алган бүтүрүүчүлөр бүгүнкү күндө республиканын бардык аймактарында эмгектенип, тажрыйбалуу педагогдор.

Мектепке чейинки билим берүү технологиясы кафедрасы мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын педагогдорун даярдап берүү, окутуу процессинен сырткары мектепке чейинки педагогика жана балдар психологиясы, окутуунун жаңы формасы, методу жана каражаттары багытында тереңдетилген илимий изилдөө жана окуу-методикалык иштердин үстүндө да иш алып барышат.

Кафедраны көп жылдар бою п.и.к., профессордун м.а. Т.А. Орусбаева жетектеп, көп алыгылыктуу иштерди жасады. Илимий изилдөө иши да мектепке чейинки билим берүүдө мектепке чейинки балдардын сөзүн өстүрүү багытына арналып, ушул багытта бир нече илимдин кандидаттарын даярдап чыгарды. Алар Ч. Жумагулова, А. Тентимишева, Ж. Барсанаева, А. М. Муратова.

Ошондой эле кафедрада көп жылдан бери эмгектенген Н.К. Түнгатарова, Э.К. Омуралиева, Т.А. Ашымбаевалар да мектепке чеийнки билим берүү системасынын алкагында илимий эмгектерин жазып, ийгиликтүү коргошкон.

**Окуу-тарбия иштери үчүн** кафедранын окуу планы боюнча окуу программалар толук иштелип чыккан. Бардык дисциплиналар боюнча типтүү программалар, окуу-методикалык комплекстер толук кандуу түзүлүп, студенттерге билим берүүдө, б.а. институттун окуу процессинде активдүү колдонулууда.

**Долбоорлор менен иштөө**. Кафедранын түзүмү республикалык деңгээлде мектепке чейинки билим берүү системасында бардык алгылыктуу иштердин демилгчилери. Кафедра мүчөлөрүнүн күчү менен Жалал-Абад, Ош, Нарын, Чүй, Талас, Баткен областтарынын жамааттык балдар бакчаларынын тарбиячылары окутулуп, азыркы күндө бул бала бакчалар салттуу бала

бакчалар менен биргеликте иш алып баруушууда. Ошондой эле кафедра мүчөлөрү “Р. Отунбаеванын демилгеси фонду”, Ага Хан фонду, ФПОИ, Сорос фонду, эл аралык ЮНИСЕФ, “Сапаттуу билим” уюмдары менен кызматташат.

2008-жылы кафедра “Жамааттык балдар бакчасында эрте жаш курактагы балдардын өнүгүүсү” долбоорун утуп алып, АӨБ тарабынан каржыланган үч аймакта 250 тарбиячыны окутуп, ЭЖБӨ проблемасы боюнча 25 тренерди даярдашкан.

Ошондой эле кафедра Кыргызстандын алыскы тоолуу райондорундагы балдарды китеп окууга кызыктыруу боюнча кызыктуу жана керектүү иш жүргүзүп жаткан Ага Хан фонду менен кызматташууну жөнгө салууда.

“Көчмө бала бакча долбоору” 2021-2040-жылдарга Кыргыз Республикасынын билим берүүнү өнүктүрүү программасын ишке ашыруу боюнча 2021-2023-жылдарга иш-аракеттер планын ишке ашыруу максатында иштелип чыккан. Долбоор ылайыктуу шарттары бар айыл өкмөттөрдүн жана башка социалдык объектилердин базасында уюштурулган балдарды өнүктүрүү борборлорунда 6-7 жаштагы балдардын кыска мөөнөткө келүү, алардын өнүгүүсүн жана билим алуунун моделин сунуштайт. Бул модель инсанга багытталган мамиленин принциптерин ишке ашырууну камсыз кылат. Программа балдарды өнүктүрүү борборлорунда иштеген жана мектепке чейинки билим берүү адистерине, ата-энелерге багытталган.

И. Арабаев атындагы КМУнун мектепке чейинки билим берүү технологиясы кафедрасынын башчысы, п.и.к., доцент Н.Э. Абдраева баштаган кафедранын окутуучулар курамы бала бакчага түрдүү себеп менен тартылбаган балдарга 3 ай бою студенттер менен бирдикте сабак өтүштү.

“Көчмө бала бакча долбоорунун” алкагында 4-курстун бүтүрүүчүлөрү окутуучулар курамынын көзөмөлүнүн алдында 22-майга чейин үзгүлтүксүз практиканы көчмө балдар бакчасынан өтүштү. Пилоттук долбоор 1-марттан 22-майга чейин Бишкек шаарындагы 93, 79, 97 орто мектептерде ишмердүүлүгүн жүргүздү. Жалпысынан 56 бала мектепке даярдоодон өткөрүлдү. **Долбоордун максаттары**:

- Түрдүү себептер менен бала бакчага барбай калган балдардын мектепке чейинки билим берүү мекемеси менен байланышта болуудан он мотивациясын калыптандыруу;
- Бала бакчага барбай калган балдардын билим берүүнүн базалык денгээли менен камсыздоо жана алардын кийинки кадамга өтүүсүнө даярдоо;
- Ар бир баланын мектепке чейинки билим алуусуна шарт түзүп берүү.
- Мектепке чейинки даярдыктын алгачкы этабынан өтүү.

**“Өкмөттүк акселераторлор”** программасына кафедранын окутуучулары активдүү катышышты. КРнын Президентинин Администрациясынын “Өкмөттүк акселераторлор” программасынын алкагындагы «КРда мектепке чейинки билим берүү кызматтарын көрсөтүүдөгү тоскоолдуктарды азайтуу жана балдарды мектепке чейинки

билим берүү менен камтууну жогорулатуу жөнүндө» челленджин ишке ашыруу максатында түзүлгөн тренерлер үчүн түзүлгөн программа. Өлкө боюнча 700 дөн ашуун бала бакча ачууга ниет кылган ишкер айымдарга семинар өтүлдү.

2013-жылы кафедра күндүз жана сырттан окуган студенттердин үзгүлтүксүз практика өткөрүүсү үчүн база катары “Уникум” балдардын билим берүү борборун ачышкан. Бул борбор мектепке чейинки билим берүү адистигинде билим алган студенттер үчүн атайын лабораториялык негиз болгон.

Кафедра мүчөлөрү: “Санатал педагогикасы”, “М. Монтессоринин программасы”, “Глобалдык билим берүү”, “Инклюзивдик билим берүү”, “Вольдорф педагогика”, “Сынчыл ойлом”, “Кадам сайын кадам” программаларынын негизинде жана Зайцеванын методикасынын негизинде тренингдерди өткөрүү методикасына ээ болушкан. Ошондой эле Вольдорф педагогика, жаңы билим берүүнүн технологиясы боюнча атайын курстарды окушат.

**Кафедранын профессордук-окутуучулар курамы** проф. м.а. Орусбаева Т.А., п.и.к., доцент Э.К. Омуралиева, п.и.к., доцент Тунгатарова Н.К., п.и.к., доцент Т.А. Ашымбаева, п.и.к., доцент А.М. Муратова, ага окутуучулар М. Каласалиева, С.Б. Жумагулова, педагогика магистри Э.Б. Тентиевалар түзүшөт. Курамдагы окутуучулардын дээрлик бардыгы КР Эл агартуунун мыктылары, И. Арабаев атындагы КМУнун окумуштуулар кеңешинин чечиминин негизинде “Эмгек сиңирген ишмер” медалынын, илимий эмгектери жана педагогикалык ишмердүүлүгү үчүн ардак грамоталардын жана дипломдорун, ыраазычылык каттардын ээлери.

**Билимдерин жогорулатуу**. Кафедранын профессордук-окутуучулар курамы дайыма билимдерин жогорулатып, семинар-тренингдерге активдүү катышышат. “Билим берүүдөгү STEM технологиялардын ролу”, “Методические особенности разработки учебно-методических комплексов”. (РК, Казахский национальный женский педагогический университет). Семинар-тренинг. Тренинг по методологии антидискриминационной и гендерной экспертизы учебно-методических комплексов. “Билим берүүнүн сапатын башкаруунун заманбап технологиялары” программасы боюнча 72 саат квалификацияны жогорулатуу курсу.

**Илимий-изилдөө, методикалык иштер**. Кафедранын профессордук-окутуучулар курамы окуу-методикалык иштер менен катар илимий-изилдөө иштерин да алгылыктуу алып келишет. Педагогдор республикалык жана чет элдик илимий-практикалык конференцияларга, билим берүү маселелерине арналган тегерек столдорго, форумдарга, дискуссияларга активдүү катышат. Курамдагы окутуучулардын илимий-изилдөө иштери Кыргызстан, Казахстан, Россия, Белоруссия, Өзбекстан мамлекеттеринде жарык көрүп, РИНЦ журналдарынын тиркемесинде катталган.

Республиканын бардык мектептерине милдеттүү түрдө киргизилген 240 сааттык “Балалык” программасы кафедра мүчөлөрү тарабынан иштелип чыккан.

Кафедра мүчөлөрү 2015-жылдан баштап иштей турган “Наристе”(480 саат) 1 жылдык балдарды мектепке даярдоо программасын (окутуучулар Т.А. Орусбаева, Н.К.Тунгатарова, Д.К. Садыкбекова, магистранттар А. Камалова, Г. Расулова) түзүп чыгышты.

Жалпы билим берүүчү орто мектептер үчүн окуу китептеринин да авторлору бар. Муратова А.М., «Музыка 5-класс. «Музыка. 6-класс. Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо, 5-класс, Мугалимдер үчүн методикалык колдонмо, 6-класс (авторлош К.ДЖ. Артыков) жана **«Ырда, бөбөк”** – ноталык хрестоматия.